Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
кызматкерлер профсоюзунун
борбордук комитети

# Сунуш

Бейшеналиева Чинара Аалиевна,
1968-жылдын 19-ноябрында туулган,
улуту кыргыз.
жогорку билимдүү , педагогикалык стажы 31 жыл.

Бейшеналиева Чинара Аалиевна өзүнүн эмгек жолун Ысык-Ата районуна караштуу Чон-Далы айылындагы К.Маликов атындагы орто мектебинде 1991-жылы башталгыч класстын мугалими болуп баштаган. 1994 жылдан бери география сабагын окутуп келет.

Мектепте эмгектенип келген убакытын аралыгында өзүн жакшы жактан көрсөтө алды. Мугалим кесипкөй, чыгармачыл, балдарды окутууда ар кандай ыкмаларды колдонуп сабактары абдан кызыктуу өтөт.

Чинара Аалиевна ар бир баланын шыгына карата өз алдынча тапшырмаларды берип сабакка кызыктырат. Өзүнүн кесибин сүйгөн, сабактын ыкмаларын билген мугалим катары таанылган. Окуу -тарбия процессинде алдыңкы инновациялык педагогикалык ыкмаларды колдоно билет, мугалимдин тажрыйбасын кесиптештер арасында жайылтуу максаттында атайын иш чаралар жүргүзүлүп анын көрсөткөн сабактары "Эң жакшы"деп бааланып келет.

2001-жылдан 2004-жылга чейин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын милдетин аткарды .2004- 2022-жылга чейин мектеп директору болуп эмгектенип келди. Бул кызматта иштеп өзүн уюштургуч, билимдүү, мыкты жетекчи катары көрсөтө алды. Окуу -тарбия процессин уюштурууда, ар бир инсандын кызыкчылыгын эске алуу менен, мектептин ,мугалимдердин усулдук бирикмелеринин ишин жакшы пландаштырып, балдардын билим сапатын көтөрүү боюнча алектенип келет Ар бир адамга кылган сый мамилеси, жөнөкөйлүгү,ишке берилип иштеген сапаттары менен мугалимдер жаамтында,ата-энелер,окуучулар арасында кадыр баркка ээ болду. Кылган иштери бааланып мугалим бир нече сыйлыктардын ээси.

Ысык-Ата РБББнүн "Ардак грамотасы"
КР билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасы"
КР билим берүү жана илим министрлигинин " Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" төш белгиси

Мектептин профсоюздук комитети жогорудагыларды эске алып Бейшеналиева Чинара Аалиевнаны "Билим жана илим профсоюздук кыймылынын Отличниги" төш белгиси менен сыйлоого сунуштайт.

Мектептин ПУ төрагасы : Карабаева Б.Н.
Катчысы : Керимбаева А.Ф.